**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ УЛУТТУК АТТЕСТАЦИЯЛЫК КОМИССИЯ**

**НАЦИОНАЛЬНАЯ АТТЕСТАЦИОННАЯ КОМИССИЯ ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

8-июнь 2022-ж. № 06 Бишкек ш.

**Биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңешти бекитүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 19 буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 2-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө ПЖ № 377 Жарлыгы менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссия жөнүндө» жобону, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобону жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиясынын президиумунун 2022-жылдын 2-июнундагы № 331 токтомунун (№ 5э/к-4/18 протоколу) негизинде **буйрук кылам:**

Биоагрардык илимдер боюнча эксперттик кеңештин курамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу УАКынын 2021-жылдын 18-ноябрындагы № 19 буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1. Эксперттик кеңештин курамынан 03.02.13 – топурак таануу (авторефераты боюнча), 06.01.04 – агрохимия (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча а.-ч.и.д. Жумабеков Эмилбек Жумабекович ден соолугуна жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-январында Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Улуттук аттестациялык комиссиянын маселелери жөнүндө ПЖ № 12 Жарлыгы менен бекитилген Эксперттик кеңеш жөнүндө жобонун 11-пунктунда белгиленген талапка жооп бербегендигине байланыштуу эксперттик кеңештин курамынан чыгарылсын.
2. Эксперттик кеңештин курамына төмөнкү адистер киргизилсин:

- 06.01.04 – агрохимия (авторефераты боюнча), 03.02.13 – топурак таануу (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиги боюнча айыл чарба илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденүүгө жазылган диссертацияларды жана «Агрономия» адистиги боюнча профессор окумуштуулук наамын алуу үчүн берилген аттестациялык документтерди кароо укугу менен К. И. Скрябин атындагы Кыргыз улуттук агрардык университетинин топурак таануу, агрохимия жана дыйканчылык кафедрасынын профессорунун милдетин аткаруучу а.-ч.и.д., доц. Дуйшембиев Нурдин;

- 06.02.10 – жеке зоотехния, мал чарба азыктарын өндүрүүнүн технологиясы (авторефераты боюнча), 06.02.07 – айыл чарба малдарын өстүрүү, асылдандыруу жана генетикасы (эмгектеринин жыйындысы боюнча) адистиктери боюнча Ош мамлекеттик университетинин ветеринардык медицина жана биотехнология кафедрасынын башчысы а.-ч.и.д., проф. Абдурасулов Абдугани Холмурзаевич.

**Төрага** **Б. К. Тыналиева**